# Менин үммөтүмдүн акыркыларынан силер да, силердин атаңар да укпаган нерсени айта турган адамдар чыгат. Андыктан силер да алардан сак болгула

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: "Менин үммөтүмдүн акыркыларынан силер да, силердин атаңар да укпаган нерсени айта турган адамдар чыгат. Андыктан силер да алардан сак болгула".
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, үммөтүнүн акыркыларынан калпты ойлоп чыгарып, өздөрүнөн мурда эч ким айтпаган сөздөрдү айтышып, жалган жана токулма хадистерди айта турган адамдар пайда болоорун кабарлады. Ошентип, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, бизди алардан алыс болуубузду, алар менен отурбоону жана алардын айткан хадистерин укпоону буйруду. Анткени бул токулма хадистер адамдардын аң-сезиминде калып калат да, андан арыла албай калабыз.